**2013-жылдын 25-июнундагы № 103 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

**2013-жылдын 13-мартында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Айыл чарбаны өнүктүрүүнүн эл аралык фондунун ортосунда "Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү" долбоорун каржылоо жөнүндө Макулдашууну ратификациялоо тууралуу**

2013-жылдын 13-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене**. 2013-жылдын 13-мартында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Айыл чарбаны өнүктүрүүнүн эл аралык фондунун ортосунда "Мал чарбасын жана рынокту өнүктүрүү" долбоорун каржылоо жөнүндө Макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Айыл чарбаны өнүктүрүүнүн эл аралык фондуна Кыргыз Республикасы жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон ички мамлекеттик жол-жоболорду аткарганы жөнүндө билдирсин.

**3-берене**. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**